Common Cause
Public Foundation

# 2021-ЖЫЛДЫН 11-ИЮЛУНА БЕЛГИЛЕНГЕН БИШКЕК, ОШ ЖАНА ТОКМОК ШААРЛАРЫНДА ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТАРЫН КАЙТАЛАП ШАЙЛООГО УЗАК МӨӨНӨТТҮҮ БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ БОЮНЧА ФИНАЛДЫК ОТЧЕТ

## БАЙКОО МӨӨНӨТҮ - 2021-ЖЫЛДЫН 21-ИЮНУНАН 31-ИЮЛУНА ЧЕЙИН

**"ЖАЛПЫ ИШ" КООМДУК ФОНДУ**

**АВГУСТ, 2021**

## МАЗМУНУ


АББРЕВИАТУРАЛАР ЖАНА КЫСКАРТУУЛАР 3

1. РЕЗЮМЕ (КЫСКАЧА МАЗМУНУ) 4

2. КИРИШ СӨЗ 6

3. ШАЙЛОО ЖӨНҮНДӨ 8

4. КООМДУК – САЯСИЙ КЫРДААЛ 9

5. ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН ИШМЕРДИГИ 10

6. ШАЙЛООЧУЛАРДЫ КАТТОО 13

7. ШАЙЛОО АЛДЫНДАГЫ КАМПАНИЯ 15

8. ИМАРАТТЫН СЫРТЫНДА ДОБУШ БЕРҮҮ КҮНҮНӨ БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮ 17

9. ИМАРАТТЫН ИЧИНДЕ ДОБУШ БЕРҮҮ КҮНҮНӨ БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮ 17

10. БУЗУУЛАР ЖАНА ДАТТАНУУЛАР 23

11. КАЙРА ШАЙЛООНУ ЖЫЙЫНТЫКТОО 26

12. СУНУШТАР 28

## АББРЕВИАТУРАЛАР ЖАНА КЫСКАРТУУЛАР

| | |
|---|---|
| АШК | Аймактык шайлоо комиссиясы |
| АЭУ | Автоматтык эсептөөчү урна |
| ЖИН | Жеке идентификациялык номер |
| ЖМК | Жалпыга маалымдоо каражаттары |
| КМБ | Кыска мөөнөттүү байкоочу |
| КММ | Күйүүчү майлоочу материалдар |
| КР | Кыргыз Республикасы |
| КР БШК | Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы |
| КР ЖК | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши |
| КР Президенти | Кыргыз Республикасынын Президенти |
| СП | Саясий партия |
| УМБ | Узак мөөнөттүү байкоочу |
| УШК | Участкалык шайлоо комиссиясы |
| Фонд | "Жалпы иш" коомдук фонду |
| ЫЧКТ | Ыкчам чара көрүүнүн координациялык тобу |

## 1. РЕЗЮМЕ (КЫСКАЧА МАЗМУНУ)

“Жалпы иш” коомдук фонду (мындан ары- Фонд) 2021-жылдын 11-июлунда Бишкек, Ош жана Токмок шаарларындагы шаардык кеңешке депутаттарды кайталап шайлоону өткөрүү жана ага даярдык көрүүгө жүргүзүлгөн байкоонун жыйынтыктары тууралуу акыркы отчетту даярдаган.

Ресурстардын чектелгендигине байланыштуу алынган маалыматтар өткөрүлгөн шайлоо компаниясын толук кандуу баалоо үчүн Фондго мүмкүндүк бере албайт, бирок негизги тенденцияларды жана көйгөйлөрдү аныктап белгилөөгө мүмкүнчүлүк түзөт.

Фонд Бишкек, Ош жана Токмок шаарларындагы шаардык кеңешке депутаттарды кайталап шайлоону өткөрүү жана аны уюштуруунун чектелген мониторингинин жыйынтыктарынын негизинде төмөндөгүлөрдү белгилеп өтөт:

- Кайталап шайлоо экономикалык каатчылык, COVID-19 эпидемиясынын үчүнчү толкунунун туу чокусуна жеткен, саясий реформалар, Борбордук шайлоо комиссиясынын (БШК) жаңы курамын тандоо учуруна, Ош жана Токмок шаарларындагы аймактык шайлоо комиссияларынын (АШК) курамдарынын толук жана Бишкек аймактык шайлоо комиссияларынын (АШКнын), ошондой эле бир катар участкалык шайлоо комиссияларынын (УШК) курамынын жарым -жартылай өзгөрүлүшү мезгилине туш келди.

- Аталган көйгөйлөргө жана убакыттын тардыгына карабастан, шайлоо шайлоонун мыйзамдарына ылайык өткөрүлдү. Бирок, шайлоочулардын добуштарын сатып алуу жана административдик ресурстарды кыянаттык менен пайдалануу сыяктуу манипуляциялар бул шайлоолордо дагы кайталанды, айрыкча мындан дагы жашыруун формаларга өтүшүп, шайлоонун жыйынтыктарына таасир этишин улантуулары мүмкүн.

- Жалпысынан шайлоочулардын жана талапкерлердин тизмесин каттоо этабы белгиленген жол-жободо жана мөөнөт ичинде аткарылды. Талапкерлердин тизмесин каттоо этабында 2021-жылдын 11-апрелиндеги шайлоого катышпагандыгына байланыштуу жаңы партияларды каттоого даттануулар келип жатты. Бирок, Фонд иш-аракеттери шайлоонун жыйынтыгын анык эмес деп кабыл алууга себеп болгон саясий партиялардын катышуусун тыюу салууга карата мыйзамдагы боштукту мындан да олуттуу көйгөй деп эсептеп, деталдуу мыйзамдык регламентацияны талап кылат.

- Талапкерлердин бир саясий партиядан башкасына болгон саясий “миграциясына” байланыштуу саясий уюмдардын талапкерлеринин тизмелери 2021-жылдын 11-апрелинде өткөрүлгөн шайлоолорго салыштырмалуу олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болду. Анткени кайталап шайлоодогу талапкерлердин бир бөлүгү башка саясий уюмдардын тизмелеринен көрсөтүлдү. Аталган жагдай кээ бир саясий партиялардын туруксуздугун, кээ бир талапкерлердин алсыз саясий аң-сезимдүүлүгүн көрсөтүп турат, ал өз кезегинде шайлоочулар үчүн тандоону оорлоштурат жана саясий партиялардын институтуна карата болгон ишенимге жана негизинен шайлоого терс таасирин тийгизет.

- Коомдук байкоочулардын билдирүүлөрү боюнча шайлоо алдындагы үгүттөө мурунку шайлоо компанияларына салыштырмалуу пассивдүү болгон. Саясий партиялардын да, электораттын да активдүүлүгүнүн төмөндөгөнү байкалган.

- Шайлоо мыйзамдарынын мүмкүн боло турган бузуулары тууралуу келип түшкөн белгилерге укук коргоочу органдарынын жигердүүрөөк жооп кайтаргандыгын, кээ бир учурларда мүмкүн боло турган бузуу фактыларын түздөн-түз өздөрү аныктагандыгын белгилеп кетүү керек.

- Көз карандысыз байкоонун маалыматтарына ылайык имараттын сыртында өткөн шайлоо күнү кээ бир жол-жоболордун бирин-серин бузулуусунан тышкары мыйзамга ылайык өткөрүлгөн.

- Имараттардын ичинде өткөн шайлоо күнү участокторду ачуу анча-мынча жол-жоболук бузуулар менен коштолуп, өз убагында мыйзамдарга ылайык жүргүзүлдү. Шайлоо процесси техникалык жактан бузулуу жана добуш берүүнүн купуялуулугун бузуу фактылары сыяктуу кээ бир жагдайларды эске алуу менен мыйзамдарга ылайык тынч өттү. Коомдук байкоочулар имараттын сыртында өткөн шайлоо күнүндө имараттагы шайлоо күнүнө салыштырмалуу аз бузуулар болгондугун белгилешти. Тынчсыздануу бөлөк кишилердин, ошондой эле спорттук дене түзүлүштөгү адамдардын Ош жана Токмок шаарларында шайлоо участкаларында болушу коомдук байкоочуларга карата болгон басымдын кээ бир жагдайларына алып келет, ал жакта бир шайлоо кампаниясынан экинчисине карай кайталана берген көрүнүш. Фонд шайлоо күнү болгон бузуулар тууралуу белгилер шайлоо процессинин ар түрдүү субъекттерден участоктордун сыртындагы кырдаалдар боюнча көбүрөөк келгендигин белгилейт. Добуштарды эсептөө жана жабуу жол-жоболору коомдук байкоочунун укуктарын кемсинтүүнүн бирин-серин жагдайларын эске алуу менен өз убагында мыйзамдарга ылайык жүргүзүлдү.

- Буга чейин Фонд кайталап шайлоого шайлоочулардын катышуусу аз болорун божомолдогон. Ушул божомол тастыкталып, ушуга байланыштуу Фонд электораттын саясий катышпоосун көйгөй катары белгилейт, ал өз кезегинде электораттын анча чоң эмес бөлүгү гана чечим кабыл аларына жана бийликти тандарына алып келет. Жайкы мезгилге, пандемияга, экономикалык көйгөйлөргө байланышкан себептерден башка шайлоочулардын маанилүү бөлүгүнүн катышпоосунун себептери төмөнкүлөр болушу мүмкүн:

    - үгүттөө мезгилинде саясий партиялардын төмөн активдүүлүгү;
    - саясий партиялардын шайлоочулар үчүн талапкерлердин тизмесин түшүнүксүз жана ачык-айкын эмес түзүү тажрыйбасы, ушуга байланыштуу тандоодо электорат абдан кыйналат;
    - саясий партиялардын электораттын көпчүлүк бөлүгүн шаардык кеңештерге кайталап шайлоого катышып берүүлөрүн кызыктыруу жөндөмсүздүгү;
    - добуш берүүнүн жыйынтыктарына финансылык ресурстардын таасир этиши, качан электораттын маанилүү көпчүлүк бөлүгү чоң финансылык ресурстары болгон партиялар жана талапкерлердин гана депутаттык мандат алууга мүмкүнчүлүгү бар деп эсептегенде;
    - электораттын шайлоолордон чарчап калгандыгында, анткени акыркы 10 айдын ичинде төрт шайлоо кампаниясы жана эки референдум болуп өттү;
    - шайлоочулардын белгилүү бир бөлүгүнүн алардын добушу эч нерсе чечпейт деген пикирде болгондугунда;
    - жана башка себептер.

- Бардык АШКларда жыйынтыктарды чыгаруу мөөнөттү сактоо менен өткөрүлдү. Байкоолордун жыйынтыгы менен Бишкек жана Ош шаарларында жыйынтыктарды чыгаруу бардык даттануулорды жана арыздарды карап чыккандан кийин мыйзамга ылайык

жүргүзүлдү. Бирок, Токмок шаарында АШК тарабынан даттанууларды карап чыгуу процесси кабыл алынган чечимдердин мыйзамдуулугу жагынан суроо жаратат, анткени алардын бир бөлүгү БШК тарабынан жокко чыгарылган, ал өз кезегинде Токмок АШКны экинчи жолу таркатылышына алып келген.

Ошентип Бишкек, Ош жана Токмок шаардык кеңештерин кайталап шайлоонун негизинен мөөнөттү сактоо жана мыйзамга ылайык жүргүзүлдү. Бирок, Фонд болуп өткөн шайлоо компаниясы шайлоо процессинин катышуучулары тарабынан шайлоого болгон кайдыгерлик мамиледе өттү деп эсептейт. Башка саясий партиялар тарабынан административдик ресурстар менен кыянаттык түрдө пайдалануу жана добушту сатып алуу сыяктуу себептерден улам кээ бир саясий партиялар шайлоонун жыйынтыктарын тааныгысы келбеген жагдайлар дагы бир ирет кайталанды, ошондой эле өткөрүлгөн шайлоодо кээ бир талапкерлерге карата укук бузууларга шектенүүлөр катталган. Укук коргоо органдарынын ишине келе турган болсок, эмне себептен мынчалык көп иштер номенклатурага эсептен чыгарылып ташталгандыгы коомчулукка белгисиз бойдон калууда.

Фонд ыктыярчыларга, коомдук байкоочуларга, ММКга, жарандык коомдун уюмдарына, шайлоо комиссияларына, ошондой эле мамлекеттик органдарга көз карандысыз байкоо жүргүзүүгө көмөктөшкөндүктөрү үчүн ыраазычылыгын билдирет.

## 2. КИРИШ СӨЗ

"Жалпы иш" коомдук фонду - бул Кыргыз Республикасында ар кандай деңгээлдеги шайлоолорго байкоо жүргүзүү, жарандык билим берүү долбоорлорун ишке ашыруу жана жарандардын чечимдерди кабыл алуу процессине жигердүү катышуусуна көмөктөшүү максатында түзүлгөн коммерциялык эмес уюм. Фонд эркин жана акыйкат шайлоо өткөрүүнү, ошондой эле Кыргызстанда жарандык коомдун жана демократиянын өнүгүшүн колдойт.

Фонддун ишмердүүлүгү диалог аркылуу бийлик органдары жана калк менен натыйжалуу өз ара аракеттешүүнү түзүүгө, маанилүү саясий процесстерге байкоо жүргүзүүгө, чечимдерди кабыл алуу процесстерине катышууга жана жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо максатында, алардын алга жылышынын ачыктыгын камсыз кылууга, өлкөнүн туруктуу демократиялык өнүгүүсү боюнча биргелешкен иш-аракеттерге багытталган.

Шайлоого байкоо жүргүзүүнүн максаты - жарандарга жана шайлоого кызыкдар болгон тараптарга эл аралык стандарттарга жана улуттук мыйзамдарга шайкештигин, анын ичинде мүмкүн болгон мыйзам бузуулар, шайлоочулардын активдүүлүгү жана шайлоонун натыйжалары боюнча маалыматтарды камтыган кесипкөй, калыс жана өз убагында баа берүү.

Узак мөөнөттүү байкоо жүргүзүү төмөнкү максаттарда жүргүзүлөт:

- эл аралык стандарттарга жана улуттук мыйзамдарга ылайык таза шайлоо жараянын камсыз кылуу.
- шайлоо мыйзамдарын андан ары өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу максатында талдоо.
- мыйзам бузууларды жана шайлоодогу бурмалоолорду аныктоо жана алар жөнүндө билдирүү.

- шайлоо алдындагы жана шайлоодон кийинки мезгил жөнүндө тастыкталган, өз убагында жана объективдүү маалыматтарды берүү.

Узак мөөнөттүү байкоо жүргүзүү саясий партиялардын талапкерлерин көрсөтүү жана каттоонун жол-жоболорун, бардык деңгээлдеги шайлоо комиссияларын түзүү жана алардын ишмердигин, маалымат берүү жана шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүү мезгилин, шайлоо күнү шайлоо комиссиясынын ишмердигин жана Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоонун жыйынтыгын чыгарууну камтыйт.

Фонддун узак мөөнөттүү байкоо жүргүзүүсүн башкы кеңсе жана өлкөнүн бардык региондорунда жүргөн 15 узак мөөнөттүү байкоочулар жүзөгө ашырышат. Байкоочулар аймактык жана участкалык шайлоо комиссияларынын, саясий партиялардын штабдарынын жана алардын өкүлдөрүнүн иши жөнүндө маалыматтарды чогултушат, ошондой эле үгүт процессинин жүрүшүн көзөмөлдөшөт.

2021-жылдын 11-июлуна белгиленген Бишкек, Ош жана Токмок шаарларындагы жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын кайталап шайлоо мезгилинде “Жалпы иш” коомдук фонду **төмөнкүдөй иштерди** жүргүздү:

- Шайлоочуларга алардын укуктары жөнүндө маалымат берүү;
- Шайлоого даярдык көрүү жана өткөрүү процессине, ага шайлоо комиссияларынын ишин, шайлоо алдындагы үгүт иштерин, жарандарга маалымат берүүнү, ошондой эле шайлоодон кийинки мезгилди кошуп, узак мөөнөттүү байкоо жүргүзүү
- Добуш берүү күнүнө чектелген кыска мөөнөттүү байкоо жүргүзүү;
- Шайлоо талаш-тартыштарына мониторинг жүргүзүү.

“Жалпы иш” КФ үч шаардык кеңештин депутаттарын кайталап шайлоого **узак мөөнөттүү байкоо** жүргүзгөн:

1. Бишкек ш.
2. Ош ш.
3. Токмок ш.

Шайлоо алдындагы мезгилде узак мөөнөттүү байкоо жүргүзүүнүн жүрүшүндө Фонд БШКнын, АШКнын, саясий партиялардын ишмердигине мониторинг жүргүзгөн (Фонд саясий партиялардын өкүлдөрүнө сурамжылоо жүргүзгөн), ошондой эле мыйзам бузууларды каттаган.

Бузуулар үч түргө классификацияланган:

1. Административдик ресурстарды кыянаттык менен пайдалануу, кысым көрсөтүү, зомбулук көрсөтүү жана коркутуу боюнча форма.
2. Шайлоочулардын добуштарын сатып алуу боюнча форма
3. Шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүүнүн эрежелеринин бузулушу боюнча форма

Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоого узак мөөнөттүү байкоо жүргүзүү үчүн башкы кеңсенин кызматкерлери, юристтер-эксперттер, региондук координаторлор, Ош шаарындагы үч УМБ, Бишкек шаарындагы төрт УМБ, Токмок шаарындагы бир УМБ тартылды.

Башкы кеңсе, КРдин жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоого байкоо жүргүзүү долбоорунун алкагында шайлоо алдындагы мезгилде узак мөөнөттүү байкоо жүргүзүү процессин координациялайт.

Кыска мөөнөттүү байкоо жүргүзүү үч шаардын баарында - Бишкек, Ош жана Токмокто ишке ашырылды. Добуш берүү күнү стационардык байкоочулар тарабынан имараттын сыртында 43 УШК камтылды, анын ичинде 25 Бишкекте, 15 Ошто жана үчөө Токмокто. Добуш берүү күнү имараттын ичинде стационардык байкоочулар 326 УШКнын 52син, анын ичинде Бишкек боюнча 31, Ош боюнча 18 жана Токмок боюнча үчөөнү камтыды. Мындан тышкары, Фонддун кызматкерлеринен турган сегиз мобилдик топ Бишкекте, бешөө Ошто жана бирөө Токмокто иштеп жүрүштү. Мобилдик топтор шайлоо участкаларынын сыртында байкоо жүргүзүштү. Алынган маалыматка ылайык, мобилдик топтор 53 УШКны камтышкан.

Маалыматтарды чогултууда Google Form колдонулган. Стационардык байкоочулар Фонд тарабынан атайын иштелип чыккан формаларды колдонуу менен добуш берүүнүн ачылышы, жабылышы жана добуштарды саноо жол-жоболору, ошондой эле добуш берүү процесси жөнүндөгү маалыматтарды топтошту. Мобилдик топтор абалга сырттан жана участкалардагы добуш берүү процесстин өзүнө баа берип жатты. Мындан тышкары, Фонддун башкы кеңсесинде бузуулар жөнүндө стационардык жана мобилдик байкоочулардан түшкөн эскертүүлөрдү иштеп чыгып жаткан юристтердин тобу иштеп жүрүшкөн.

“Жалпы иш” коомдук фонду кайталап шайлоону өткөрүүнү баалоо шайлоо алдындагы мезгилди, ушул үч шаардагы 43 АШКны барып добуш берүү күнү стационардык байкоого, 52 АШКны добуш берүү күнү жана 53 АШКны толук түрдө мобилдик байкоого негизделгендигин белгилейт.

## 3. ШАЙЛОО ЖӨНҮНДӨ

2021-жылдын 11-апрелинде жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо өткөн, анын ичинде 28 шаардык кеңеште дагы. Алардын 25инде шайлоо өттү деп табылган. Үч шаарда (Бишкек, Ош жана Токмок) көптөгөн мыйзам бузууларга байланыштуу шайлоонун жыйынтыктары анык эмес деп таанылды.

Кыргыз Республикасынын Президентинин "Кыргыз Республикасынын Бишкек, Ош жана Токмок шаардык кеңештеринин депутаттарын кайталап шайлоону дайындоо жөнүндө" 2021-жылдын 27-майындагы №231 Жарлыгына ылайык, Бишкек, Ош жана Токмок шаарларында шайлоо күнү 2021-жылдын 11-июлунда болот.

2021-жылдын 28-майында БШК 2021-жылдын 11-июлуна дайындалган Кыргыз Республикасынын Бишкек, Ош жана Токмок шаардык кеңештеринин депутаттарын кайталап шайлоону даярдоонун жана өткөрүүнүн негизги уюштуруу-практикалык иш-чараларынын "Календардык планын" бекитти.

Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө мыйзамдарга ылайык, кайталап шайлоонун мөөнөтү үчтөн бирине кыскарган, ошондуктан добуш берүү күнүнө 20 күн калганда, б.а. 2021-жылдын 20-июнунда Бишкек, Ош жана Токмок шаардык кеңештеринин депутаттарын шайлоого катышуу үчүн саясий партиялардын талапкерлеринин тизмесин каттоо аяктады.

11-апрелдеги шайлоонун жыйынтыгы бир нече партиялардын талапкерлеринин күнөөсү менен жокко чыгарылып, кайталап шайлоого бул партияларга кайрадан катышуусуна жол берилген, ошондой эле 2021-жылдын 11-апрелинде шайлоого катышпай калган, жаңы партияларга дагы жол берилген. БШК белгилеп кеткендей, 11-апрелдеги шайлоодо

мыйзамды бузду деп сот тарабынан чечим чыгарылган талапкерлер кайталап шайлоого катыша алышпайт. Бирок, мыйзамда бүт партияны кайталап шайлоого катышуудан четтеттирүү каралган эмес.

Үч шаардагы аймактык шайлоо комиссиялары 26 партиянын талапкерлеринин тизмесин катташты.

Тизмеге катталган талапкерлердин жалпы саны 2359 адамды түздү. Бишкек шаарында 18 партиядан 1314 талапкер, Ош шаарында 9 партиядан 691 талапкер, Токмок шаарында 6 партиядан 354 талапкер бар.

Политикалык партияларынын бардык талапкерлеринин тизмеси жергиликтүү ЖМКга жарыяланган, ошондой эле БШКнын сайтына, **“Талапкер”** тутумуна **https://talapker.shailoo.gov.kg** шилтемеси боюнча жайгаштырылган, ошол эле жерге партиялар шайлоо алдындагы программаларын, партиялардын шайлоо фонддорунун түшкөн жана сарпталган каражаттары жөнүндө маалыматты жарыялоо үчүн тапшырышы керек.

Мыйзамдарга ылайык, Бишкек, Ош жана Токмок шаарларынын кеңештеринде шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүү үчүн 20 күндүк мөөнөт (20-июндан тарта 2021-жылдын 10-июлунун саат 8:00гө чейин) белгиленген. 10 -июль – жымжырт күн жана добуш берүү имараттын сыртында өтөт, ал жерде шайлоо участкасында добуш бере албаган жана добуш берүү күнүнө үч күн калганда арызын берген жарандар добуш беришет. 11 -июль - шайлоо күнү.

- Шаардык кеңештин депутаты болууну каалагандар кайсы бир партиянын курамында көрсөтүлүшү дагы керек, башкача айтканда, пропорциялдуу тутум боюнча партиялык тизмелер боюнча.

- Жогорудагы шаарлардын шаардык кеңештерине кирүүнү каалаган партиялар үчүн 7% босогосу мурдагыдай эле бойдон калууда.

## 4. КООМДУК – САЯСИЙ КЫРДААЛ

Шаардык кеңешке кайталап шайлоодо, шайлоо алдындагы мезгил COVID-19 эпидемиясынын үчүнчү толкунунун курчуу мезгилине, өлкөдөгү курч коомдук-саясий кырдаалда, саясий реформалар жүрүп жактан учурда жана жайкы мезгилге туш келди, жай мезгилинде негизи шайлоочулар добуш берүү процесстеринде пассивдүү келет.

Өлкөдөгү коомдук-экономикалык кырдаалга байланыштуу Фонд азык-түлүктүн кымбаттоосуна, айрым аймактардагы кургакчылыкка, электр энергиясынын жана газдын өчүшүнө, жумушсуздуктун күч алышына, кылмыштуулуктун өсүшүнө, эмдөөлөрдүн деңгээлинин төмөндүгүнө жана COVID-19 илдети менен ооругандардын санынын көбөйүп жатканына байланыштуу калк арасында болгон чыңалуулардын өсүп жаткандыгын белгилейт.

2021-жылдын 30-июлуна карата республика боюнча COVID-19 илдетин жугузуп алган 161,973 тастыкталган учуру катталган жана акыркы сутка ичинде 958 жаңы учур аныкталган, анын ичинен 574ү Бишкек шаарында, Ош шаары боюнча 6, Чүй облусу боюнча 128. Төмөндөгү диаграмма Кыргызстан COVID-19 эпидемиясынын өсүшүнүн үчүнчү толкунунун туу чокусуна жеткенин көрсөтүп турат. Көз карандысыз эксперттер 2021-жылдын июль айында COVID-19 жугузуулардын туу чокусуна жетерин алдын ала айтышкан, муну менен бирге үч шаарда кайра шайлоону кийинкиге калтыруу маселеси каралбаган, саясий партиялардын өздөрү кайра шайлоону кийинкиге жылдырууну суранышкан эмес. Мындай абал келечекте терс кесепеттерге, тактап айтканда, шайланган депутаттарга карата болгон ишенимдин азайышына алып келиши мүмкүн.

*1-диаграмма, COVID-19ду жузугуп алгандардын статистикасы, 2020-2021*[1]




## 5. ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН ИШМЕРДИГИ

Буга чейин белгиленип кеткендей, Бишкек, Ош жана Токмок шаарларында 2021-жылдын 11-апрелиндеги шаардык кеңештердин депутаттарын шайлоо жыйынтыктары анык эмес деп таанылган. Мында тышкары, Ош жана Токмок аймактык шайлоо комиссияларынын (АШК) жоопкерчилиги каралып, натыйжада аймактык шайлоо космиссиялары таркатылып, алардын жаңы курамы бекитилген.

Ошондой эле, фонд шайлоо өткөрүү күнүн бекитүүнү жана жергиликтүү кеңештердин депутаттарын кайрадан шайлоонун жыйынтыктарын чыгарууну АШКнын жаңы курамы өткөргөндүгүн белгилеп кетет.

Бишкек АШКнын курамы да өзгөрүп, мында АШКнын мурунку төрагасы Кайрат Маматов АШК мүчөлөрүнүн курамына кирип, тиешелүү түрдө АШКнын жаңы мүчөлөрү резервден киргизилип, Бишкек АШКсынын төрагасы болуп Стамов Айбек Кубатович, катчысы Конуров Бахадыр Арунович шайланган.

Мындан тышкары, БШКнын ыйгарым укугунун мөөнөтүнүн аякташы менен Жогорку Кеңеш депутаттары 30-июндагы отурумда БШКнын жаңы 12 мүчөсүн шайлоо үчүн добуш беришкен.

Президент Садыр Жапаров кол койгон КРдин “Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө” жаңы конституциялык Мыйзамына ылайык БШКнын курамына 50% талапкерлерди өлкө башчысы сунуштап, калган 50% КРдин Жогорку Кеңеши сунуштайт. Ошентип БШКнын жаңы курамы төмөндөгүдөй түргө ээ болот:

---

[1] https://zdorovie.akipress.org/news:1692857

КРдин ЖКсынан БШК мүчөлөрү:

1. Жылкыбаев Узарбек (КСДП);
2. Эшимов Акылбек (“Кыргызстан”) (кайрадан);
3. Маматов Кайрат (“Республика — Ата-Журт”) (Бишкек АШКнын мурунку төрагасы);
4. Шайназаров Тынчтык (“Өнүгүү-Прогресс”) (кайрадан);
5. Бекматов Абдыжапар (“Бир Бол”) (кайрадан);
6. Гайпкулов Искендер (“Ата Мекен”);

КРдин Президентинен БШК мүчөлөрү:

7. Шайлдабекова Нуржан (кайрадан);
8. Наспеков Марс;
9. Дубанбаева Анар;
10. Койчукеев Нурлан;
11. Жумалиева Акбалык;
12. Жупуева Айдана.

Фонд байкоочулары БШКда жана төмөнкү АШКларда байкоо жүргүзүшкөн:

1) Бишкек АШКсы
2) Ош АШКсы
3) Токмок АШКсы

Жергиликтүү шайлоодо негизги оордук аймактык шайлоо комиссияларына жүктөлөт. Тиешелүү түрдө, жергиликтүү шайлоодогу ар бир АШКнын ролу маанилүү болот, мында парламенттик жана президенттик шайлоодон айырмаланып көбүрөөк өз алдынчалык талап кылынып, бирок жалпы координацияны жана шайлоонун жыйынтыктарын БШК жүргүзөт.

Байкоолордон байкалгандай бардык АШКлар шайлоо мыйзамдарынын талаптарына ылайык калыптангандыгы көрүндү. Бардык АШКларда коомдук байкоочуларды каттоо багыттар менен кыйынчылыгы жок жүрдү.

Отчеттук мезгилде Бишкек жана Токмок шаарларынын АШКлары шайлоо алдындагы байкоо жүргүзүү үчүн ачык болушту. Бишкекте COVID-19 эпидемиясынын күчөшүнөн улам Фонд байкоочулары БШКнын ишине алыстан байкоо жүргүзүштү. Отурумдардагы кворум АШКлардын бардык жыйындарында сакталып келди.

Бишкек жана Токмок шаарларынын АШКлары өтө турган жыйындары тууралуу, негизинен АШК мүчөлөрү менен болгон жеке жолугушууларда билдирип турушту. Фонддун байкоочулары Бишкек жана Токмок шаарларынын АШКларынын жыйындарында санитардык ченемдер жарым-жартылай сакталгандыгын белгилешти. Ошол эле учурда, шайлоо комиссияларынын кызматкерлери COVID-19ду жугузуунун жогорку коркунучуна ээ болушуп, айрымдарынын обочолонууда болгондугу белгиленет.

Арыздарды, даттанууларды жана кайрылууларды кароодо АШКлар дайым эле мөөнөтүн сактаган эмес. Маселен, Ош шаарында арыздарды жана кайрылууларды кароодо мөөнөтүн создуктурушкан.

Мониторингдин жүрүшүндө Ош аймактык шайлоо комиссиясы фонддун коомдук байкоочуларын иш тобунун жана комиссиянын өзүнүн өтө турган жыйындары жөнүндө кабарлабай, чакырбай, бир катар учурларда иш тобунун жыйындарына киргизбей да койгон. Мында тышкары, Ош аймактык шайлоо комиссиясына бир катар арыз берилип, ал эми арыздар өз убагында каралбай, кабыл алынган чечимдин көчүрмөлөрү Фонд

байкоочуларынын колуна тапшырылган эмес. Аталган фактылар боюнча Фонд Борбордук шайлоо комиссиясына кайрылуу жөнөттү. Аталган кайрылууну кароодо Фонд тарабынан көрсөтүлгөн фактылар ырасталды.

АШКлар саясий партиялар тарабынан кеткен бузууларды кароодо бир катар чечим чыгарышты:

2021-жылдын 23-июнунда Бишкек АШКсынын шайлоо алдындагы үгүттөөнү жүргүзүү тартибин сактоону көзөмөлдөө боюнча иш тобу КРдин БШКсынын ыкчам чара көрүү тобунан түшкөн билдирүүлөрдү жана «Ишеним», «Реформа» жана «Борбор» саясий партиялары жана «Ата-Журт Кыргызстан» саясий партиясынан шайлоо мөөнөтүнө чейинки белгилери менен алдын ала жарыялаган постторду карап чыгып, «Ата-Журт Кыргызстан» саясий партиясынан талапкер К.К. Конгантиевге оозеки эскертүү, ал эми «Ишеним», «Реформа» жана «Борбор» демократиялык партиясы» саясий партияларына шайлоо алдындагы үгүттү жүргүзүү эрежелерин бузуу мүмкүн эместиги тууралуу эскертүү берүү чечимин кабыл алышты.

2021-жылдын 3-июлунда Бишкек АШКсы өз жыйынында «Биздин Кыргызстан» саясий партиясына карата өзүнүн үгүт материалдарында башка өлкөнүн саясий ишмеринин сүрөтүн колдонгондугу үчүн арызды карап чыкты, бул көрүнүш Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Мыйзамынын 28-беренесинин 2-бөлүгүнүн талаптарын бузууга жатат. Кароонун жыйынтыгында «Биздин Кыргызстан» саясий партиясына жазуу түрүндөгү эскертүү берүү чечими кабыл алынган.

ММКларда таратылып жаткан «Келечек-Будущее» саясий партиясынан талапкер эки аял алууну мыйзамдаштыруу үчүн сөз сүйлөп жаткандыгы тууралуу жарыяланган видео боюнча маалыматка байланыштуу «Реформа» партиясы өз кайрылуусунда КРдин Конституциясына, КРдин Жазык кодексине жана "Жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Мыйзамына таянат.

Бишкек АШКсынын кароосунун жыйынтыгы боюнча "Жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Мыйзамдын бузулуусун аныктаган жок, ошол эле учурда арыз берүүчүгө талапкер Н.Абдыкаимованын кайрылуусунда кылмыш белгилерин аныктоо боюнча укук коргоо органдарына кайрылуу, ошондой эле, коомдук терс пикирди калыптоодон алыс болуу максатында жарыяланган видеону өчүрүү сунушун берди.

Фейсбук социалдык тармактарында жарыяланган видеонун негизинде, мында «Эмгек» партиясынан талапкер С.Доолотбаков Бишкек шаарынын Октябрь районундагы короолордун биринде отургучту сырдап жаткан жана балдар менен болгон сүрөт боюнча, талапкер берген кошумча видеоматериалдарды карап чыгып, Бишкек АШК шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү тартибин жана эрежелеринин бузулуусун аныктаган эмес.

2021-жылдын 10-июлунда БШК өз отрумунда Фонддун Ош АШКсынын чечими жана Ош шаарында "Ынтымак" шайлоо партиясынын добуш сатып алуу фактысы боюнча арызын карап чыкты.

БШКнын отурумунда Ош шаарында шайлоочулардын добушун сатып алган деп шектелгендер 7-июлда кармалгандыгы белгиленген. Ошентип, Жумабаев көчөсү боюнча үйлөрдүн биринде үч адам кармалып, аларда 115 миң сом жана ошол участокто жашаган шайлоочулар тизмеси табылган. Тергөө амалдарынын жүрүшүндө бардык кармалгандар "Ынтымак" партиясынын талапташтары, анын ичинде Б. Латиханов экендиги аныкталган. Отурумдун жүрүшүндө "Ынтымак" партиясынын лидери М.Маматалиев сөз сүйлөп, болгон окуядан кийин талапкер партиядан чыгарылып, бирок, сот аны коё берип койгондугун билдирген. Ал БШК мүчөлөрүнөн БШКнын иш тобунун эскертүү чыгаруу тууралуу чечимин колдоп, бирок, партияны шайлоодон чыгарбоону суранган.

БШКнын жетекчиси Нуржан Шайлдабекова партия өз талапкерлери үчүн жооптуу экендигин белгилеп, партиянын талапкерлеринин тизмесин каттоосун жокко чыгарууну сунуш кылды. Ошондой эле, Ош АШКсынын колунда укук коргоочу органдан бузуулар тууралуу бардык материалдары болгондугун өзгөчө белгилеп кетти. Бул учурда Ош АШКсынын мыйзамды мындай одоно бузуу боюнча чаралар көрбөгөндүгүн кошумчалады. М. Маматалиев өз кезегинде БШК мүчөлөрүнөн партиянын өзү Ош шаардык кеңеш шайлоосуна талапкерлердин тизмесин чакыртып алуу мүмкүндүк берүүсүн сурады.

Талкуунун жыйынтыгы боюнча БШКнын мүчөлөрү М. Маматалиевдин арызын эске алып, “Ынтымак” партиясынан талапкерлер тизмесин каттоону жокко чыгаруу, ошондой эле Ош АШКсына шайлоо мыйзамдарынын бузулууларында аракетсиз калууга жол берилбестиги жөнүндө токтом чыгарышты.

## 6. ШАЙЛООЧУЛАРДЫ КАТТОО

Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комитети 2021-жылдын 9-июнунда шайлоочулардын алдын ала тизмесин **"Тизме" - https://tizme.gov.kg/** шайлоочулардын мамлекеттик порталына жайгаштырган жана 2021 -жылдын 20 -июнунда Бишкек, Ош жана Токмок шаарларында жергиликтүү кеңештердин депутаттарын кайра шайлоого текшерүү тизмеси жайгаштырылган, акыркы тизме участоктордо 2021 -жылдын 9 -июлуна чейин илинген. Ошол эле учурда, 2021 -жылдын 2 -июлунда жарандардын тизмелерин тактоо жана арыз берүү мөөнөтү аяктаган. Ошентип, акыркы тизмеге Бишкекте 426 699, Ошто 152 718, Токмокто 38 100 шайлоочу киргизилген.

Шайлоочулар өздөрүнүн шайлоо участогун (номерин жана дарегин) тактап, **“Тизме”** шайлоочулардын мамлекеттик порталындагы тизмелерде **- https://tizme.gov.kg/** шилтемеси боюнча же 1255 кыска номерине чалып, өздөрүн текшере алышат. ошондой эле 119 номерине чалуу аркылуу же паспортто көрсөтүлгөн ЖИН номерин көрсөтүү менен СМС жөнөтө алышат.

Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоого катышуу үчүн жарандардын жашаган жерине катталгандыгы дареги паспорттогу жашаган жеринин чипинде көрсөтүлгөн дарекке/жазууга дал келиши керек.

**1-таблица, 2021-жылдын 20-июнуна карата үч шаардагы жергиликтүү кеңештердин депутаттарын кайра шайлоодо тизмедеги шайлоочулардын саны.**

| Шаарлар | УШКнын саны | Алдын ала тизме. 09.06.2021-ж. карата сан | Текшерүү тизмеси. 20.06.2021-ж. карата сан | Салыштыруулар 09.06.21/ 20.06.21 | Акыркы тизме 02.07.01 | Салыштыруулар 20.06.21/02.07.01 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Бишкек АШК | 228 | 424 847 | 425 107 | 260 | 426 699 | 1592 |
| Ош АШК | 78 | 148 144 | 148 224 | 80 | 152 718 | 4494 |
| Токмок АШК | 20 | 37 164 | 37 134 | -30 | 38 100 | 966 |

**2-таблица, 2021-жылдын 2-июлуна карата жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоодо контролдук тизмедеги шайлоочулардын саны, гендердик жана курактык өзгөчөлүктөрүнө карай.**

| | Гендердик өзгөчөлүгүнө карай | Куррактык өзгөчөлүгүнө карай |
|---|---|---|


| Аймактык шайлоо комиссиялары | эркек | аял | ~ 29 | 30 ~ 39 | 40 ~ 49 | 50 ~ 59 | 60 ~ 69 | 70+ ~ |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бишкек АШК | 179 949 | 246 750 | 101 331 | 100 012 | 77 640 | 68 862 | 48 831 | 30 023 |
| Ош АШК | 69 719 | 82 999 | 42 773 | 38 408 | 24 791 | 23 262 | 16 737 | 6 747 |
| Токмок АШК | 16 811 | 21 289 | 10 318 | 8 670 | 6 518 | 6 037 | 4 486 | 2 071 |

2021 -жылдын 2 -июлуна карата жергиликтүү кеңештердин депутаттарын кайра шайлоо үчүн шайлоочулардын текшерүү тизмесиндеги шайлоочулардын саны төмөнкүдөй: Бишкек шаарында 426 699 шайлоочу, алардын ичинен эркектер - 179 949, аялдар - 246 750 же 42,2 % жана 57,8 % ушуга ылайык, 2021 -жылдын 20 -июнундагы текшерүү баракчасына салыштырмалуу шайлоочулардын саны 1,592 адамга көбөйгөнү байкалууда.


Ош шаарында - 152 718 шайлоочу, анын ичинен 69 719 эркектер, 82 999 аялдар же 45,6% жана 54,4%, шайлоочулардын саны 4494 адамга көбөйгөн.

Токмок шаарында – 38 100 шайлоочу, алардын ичинен 16 811 эркектер, 21 289 аялдар, же 44,1% жана 55,9% ушуга ылайык Токмок шаарында дагы шайлоочулардын саны 966 адамга көбөйгөн.

**2-диаграмма, Бишкек, Ош жана Токмок шаарларында шайлоочулардын гендердик өкүлчүлүгү**




**3-диаграмма, Бишкек, Ош жана Токмок шаарларында шайлоочулардын курактык категориялары**



## 7. ШАЙЛОО АЛДЫНДАГЫ КАМПАНИЯ

Байкоочулардын билдирүүлөрүнө караганда шайлоо алдындагы үгүттөө иштери мурунку шайлоо кампанияларына салыштырмалуу пассивдүү болгонун билдиришти. Саясий партиялардын жана шайлоочулардын активдүүлүгүнүн төмөндөгөнү белгиленди.

2021 -жылдын 13 -июнунда БШКнын 2021 -жылдын 11 -июлуна белгиленген Бишкек, Ош жана Токмок шаардык кеңештеринин депутаттарын кайрадан шайлоого даярдоо жана өткөрүү боюнча Календардык планына ылайык, Бишкек, Ош жана Токмок шаардык кеңештеринин депутаттарын кайрадан шайлоого катышуу үчүн саясий партиялардан талапкерлердин тизмесин көрсөтүү этабы аяктады.

Бишкек, Ош жана Токмок шаарларынын шаардык кеңештерине кайра шайлоого 26 партиянын талапкерлери каттоодон өтүштү. Алардын ичинен 18и Бишкек шаардык кеңешине, тогузу Ошто, алтоо Токмокто каттоодон өткөн.

**3-таблица. Үч шаардык кеңеш боюнча маалымат**

| **№** | **Шаардык кеңештин аталышы** | **Мандаттардын саны** | **С/п саны** | **Талапкерлердин саны** | **Эркектер** | **Аялдар** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **3шг/к** | **121** | **26** | **2359** | **1459** | **900** |
| 1 | Бишкек ш/к | 45 | 18 | 1314 | 798 | 516 |
| 2 | Ош ш/к | 45 | 9 | 691 | 440 | 251 |
| 3 | Токмок ш/к | 31 | 6 | 354 | 221 | 133 |

Жыйынтыгында Бишкек аймактык шайлоо комиссиясы 18 партиядан чыккан талапкерлердин тизмелерин каттады: «Эмгек», «Өнүгүү-Прогресс», «Туран», «Биздин Эл», «Замандаш», «Борбор», Жашылдар Партиясы, «Ынтымак», «Биздин Кыргызстан», «Социал-демократтар», «Реформа», «Күч бирдикте», «Келечек-Будущее», «Ата-Журт Кыргызстан», «Ишеним», «Жаңы Мезгил», «Улуу-Журт», «Айкөл Кыргызстан».

18 саясий партия 1371 талапкерди көрсөткөн, анын ичинен талапкерлердин тизмесинде көрсөтүлгөн 57 талапкерди каттоодон баш тартылган, натыйжада Бишкек АШК 1314 талапкерди каттаган.

Ош аймактык шайлоо комиссиясына 9 саясий партиядан 691 талапкер катталган: «Ынтымак», «Улуу Журт», «Бир бол», «Биздин Кыргызстан», «Бүтүн Кыргызстан», «Ата-Журт Кыргызстан», «Улуттар биримдиги», «Келечек-Будущее», «Нур».

Токмок аймактык шайлоо комиссиясына катталуу үчүн 6 саясий партия талапкерлердин тизмесин берип, каттоодон өттү: «Эл биримдиги», «Бирге-Вместе», «Эмгек», «Патриот ынтымагы», «Асыл Мурас жаштары», «Ата-Журт Кыргызстан».

«Ата-Журт Кыргызстан» саясий партиясы үч шаардагы шайлоого катышууга ниеттенүүдө.

Эки шаардагы 5 партия талапкерлердин тизмесин көрсөттү («Келечек-Будущее», «Биздин Кыргызстан», «Ынтымак», «Улуу-Журт», «Эмгек»).

Калган партиялар талапкерлердин тизмесин шаарлардын бирине гана беришкен.

Муну менен бирге алдын ала жыйынтыктар боюнча 11-апрелде өткөн шайлоодо жеңишке жетишкен айрым партиялар ар кандай себептерден улам кайрадан шайлоого катышуудан баш тартышкан, ал эми кайсыл-бир партиялар бул процесске алгачкы жолу катышып жатышкан.

Ушуга байланыштуу «Социал-демократтар» партиясы жаңы партияларды каттоодон баш тартууну талап кылган. Бишкек АШК Мыйзамда жаңы партиялардын жергиликтүү кеңештерге кайрадан шайлоого катышуусун чектеген жоболордун жоктугуна таянып, «Социал-демократтардын» арызын канааттандырууну четке кагуу чечимин кабыл алган. Фонд ушул кырдаал мындан дагы тагыраак мыйзамдык регламентацияны талап кылат деп эсептейт.

Байкоочулардын маалыматтарына караганда үч шаардын баарында алдыда өтө турган кайрадан шайлоо тууралуу калктын маалыматтуулугунун өтө аз болгондугу белгиленген. Кээ бир жарандардын жакында боло турган кайрадан шайлоо күнү жөнүндө кабары да болгон эмес.

Жергиликтүү кеңештерге шайлоолорго мониторингдин алкагында Фонддун узак мөөнөттүү байкоочулары саясий партиялардын өкүлдөрү менен жолугушууларды өткөрүштү. Ошентип, Бишкекте катталган 18 партиядан 5 партия менен жолугушуулар өткөрүлдү.

2021 -жылдын 2-июлунда байкоочулар Бишкекте төмөнкү беш саясий партия менен жолугушууларды өткөрүшкөн:

1. «Туран» СП
2. «Социал-демократтар» СП
3. «Эмгек» СП
4. «Столица» СП
5. «Ата-Журт Кыргызстан» СП

Жолугушуулардын жыйынтыгы боюнча саясий партиялар төмөнкүлөрдү белгилеп өтүштү:

1) Бардык сурамжыланган саясий партияларды 2021 -жылдын 11 -июлунда боло турган жергиликтүү кеңештерге шайлоо тууралуу калктын маалыматтуулугунун жетишсиздиги жана ушул маселе боюнча тийиштүү мамлекеттик органдардын жакшы эмес иштеп жатканы аябай тынчсыздандырууда.
Сурамжыланган саясий партиялар шайлоочулардын өтө эле аз келишин божомолдошууда, бул өлкөдөгү болуп жаткан терс эпидемиологиялык кырдаалга, өтө ысык аба ырайына, өргүүлөр мезгилине жана жарандардын тез-тезден кайталанып өтүүчү шайлоо процесстеринен тажашып, чарчашкандарына байланыштуу болуп жатат.
2) «Туран» жана «Борбор» партиялары интернет айдыңындагы социалдык тармактарда үгүтөө иштерин артык көрүшүп, басма продукцияларын жасоодон жана баннерлерди ижаралоодон толук баш тартышкандыгын билдиришкен.
3) «Социал-Демократтар» партиясы айрым партиялардын шайлоо фонддорунан алынган маалыматтардын аныктыгына, айрыкча алардын рыноктук наркынан он эсе төмөн баада ижарага алынган жарнама аянтынын баасын көрсөтүүгө карата күмөн саноолорун билдирет.
4) «Эмгек», «Борбор» жана «Ата-Журт Кыргызстан» партиялары партиялардын өзүнө да, айрым талапкерлерге да карата "кара пиардын" өтө эле көптүгүнө наразычылыктарын билдиришти.

5) Кээ бир партиялар акыркы шайлоо жокко чыгарылганына карабастан, айрым партиялар тарабынан административдик ресурстарды колдонуу жана пара алуу практикасы, ошондой эле шайлоолор үчүн үй жана кварталдык комитеттердин башчыларын тартуу үч шаардын баарында сакталып калганын белгилешет.

## 8. ИМАРАТТЫН СЫРТЫНДА ДОБУШ БЕРҮҮ КҮНҮНӨ БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮ

Имараттын сыртында добуш берүү күнүн байкоонун маалыматтарына караганда бирин-серин кээ бир жол-жоболордун бузулушанан башка мыйзамга ылайык өттү.

Бардыгы болуп жалпы 43 АШК камтылган, анын ичинде Бишкекте - 25, Ошто - 15 жана Токмокто -үч. Ош шаарындагы бир участокто процессуалдык бузууларды кошпогондо, байкалган участоктордо олуттуу мыйзам бузуулар болгон жок.

Фонддун байкоочуларынын отчетторуна ылайык имараттан сырткары добуш берүү жөнүндө билдирүүлөр реестри бардык 43 АШКга жайгаштырылган. Реестер жабылгандан кийин имараттан сырткары добуш берүү жөнүндө билдирүүлөр реестрине шайлоочуларды киргизүүнүн бир да учуру катталган эмес.

Бардык 43 АШКда байкоочуларга имараттан сырткары добуш берүү үчүн көчмө бош үкөктөр көрсөтүлгөн.

42 АШКда бош көчмө үкөктөр аймактык шайлоо комиссиясынын участоктук кызматкеринин мөөрү менен басылган жана Ош шаарынын бир гана №5322 АШКда басуу жол-жобосу толугу менен өткөрүлгөн эмес, ушуга байланыштуу биздин байкоочу АШКнын мүчөлөрүнө кайрылган.

42 АШКда көзөмөл баракчасына участокто болгон бардык катышуучулардын кол тамгалары коюлган жана имараттан сырткары добуш берүү үчүн көчмө үкөккө салынган, ошол эле Ош шаарынын №5322 АШКда жол-жоболук бузуу аныкталган.

Ош шаарындагы №5316 АШКда имараттан сырткары добуш берүү учурунда тийиштүү Реестрге киргизилбеген жана имараттан сырткары добуш берүү жөнүндө арыздары менен кайрылбаган 2 шайлоочу добуш берген. Ушул факты боюнча Фонддун байкоочулары тарабынан тийиштүү актылар түзүлгөн жана Ош БШКсына даттануулар билдирилген.

COVID-19га байланыштуу сунуштар жана сактык чаралары 32 АШКда гана сакталган, ал эми бирөөсүндө жарым-жартылай, калган 10до такыр сакталган эмес.

Байкоого алынып жаткан бардык 43 АШКда байкоого же байкоо үчүн керектүү маалымат алууга тоскоолдук жаратуунун бир да учуру болгон эмес, эч ким шайлоочунун өз эркин билдирүүсүнө таасирин тийгизген эмес жана добуш берүүнүн купуялуулугу бардык жерде сакталган.

Бардык 43 АШКда АШКнын мүчөсү шайлоочулар тууралуу маалыматтарды шайлоочулардын кагазда жазылган тизмесине каттап турган, ошондой эле “Имараттын сыртында добуш берди” деген белги коюлуп турган.

Добуш берүүнү аяктоо жөнүндө акты бардык 43 АШКда түзүлгөн.

## 9. ИМАРАТТЫН ИЧИНДЕ ДОБУШ БЕРҮҮ КҮНҮНӨ БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮ

326 АШКнын ичинен 52 АШКда стационардык байкоо жүргүзүлгөн, анын ичинде Бишкек боюнча 31, Ош боюнча- 18 жана Токмокто үч.

Мындан тышкары Бишкекте Фондун кызматкерлеринен түзүлгөн сегиз мобилдик топ иштеген, Ошто-беш, Токмокто- бир. Мобилдик топтор шайлоо участкаларына сыртынан мониторинг жасап турушкан.

*Ачуу жол-жоболору*

Жалпысынан участоктокторду ачуу кээ бир жол-жоболордун анча чоң эмес бузуулары менен коштолуп, өз убагында мыйзамга ылайык жүргүзүлгөн.

Фонддун байкоочуларынан алынган маалыматтар боюнча бардык 52 байкоочуга мониторинг жүргүзүү үчүн добуш берүү үчүн имаратка кирүүгө уруксат берилген.

50 АШКда Фонддун байкоочуларына көрүнөө тааныштыруу үчүн бош шайлоо бюллетендери көрсөтүлгөн.

50 АШКда жыйын 07:00гө чейин, ал эми 36 АШКда 07:00-07:30да, 10 АШКда 07:30дан кийин башталган, ошондой эле бир АШКда жыйын болгон эмес.

47 АШКда төрага айым, ал эми 5 АШКда эркек болгон.

COVID-19га байланыштуу сунуштар 51 АШКда сакталган. Мүмкүнчүлүгү чектелген кишилерге АШКга кирүү мүмкүндүгү 35 АШКда гана болгон.

1 АШКда чүчү кулак жасалган эмес (АШК № 1309, Бишкек), ошол эле АШКда жыйын өткөрүлгөн эмес.


Бардык 52 АШКда добуш берүү үчүн бош үкөктөр басылган/пломбаланган жана көрсөтүлгөн (АСУ ж.б.), ал эми 50 АШКда көзөмөл баракчасына участоктогу бардык катышуучулар кол тамгаларын коюшкан жана добуш берүү үчүн үкөгүнө салынган.

48 АШКда ачуу жол-жобосунда БШКдан АШК тарабынан алынган шайлоо бюллетендерин кайрадан эсептөө жүргүзүлгөн.

Фонддун байкоочуларынын укуктарын кемсинтүү бир да АШКда болгон эмес.


АШКлар кечигүүсүз ачылган, алардын 13ү 08:00гө чейин, ал эми 39 АШКда 08:00дө ачылган.


Common Cause
Public Foundation
"Жалпы иш" коомдук фонду: Бишкек, Ош жана Токмок шаардык кеңештеринин депутаттарын кайталап шайлоодо УШКларды ачуу тартиби жөнүндө.
Байкоо 52 УШКда жүрүп жатат, анын ичинде 31 УШК Бишкекте, 18 УШК Ошто жана үчөө Токмокто.
Сизди УШК байкоо жүргүзүү үчүн киргиздиби?
Ооба 52
Сизге визуалдык маалымдама үчүн таза бюллетендер көрсөтүлдүбү?
Жок 2
Ооба 50
Участкалык шайлоо комиссиясынын жыйналышы качан башталды?
Саат 07:00 чейин 5
Саат 07:00 - 07:30 36
Саат 07:30 кийин 10
Жыйналыш болгон жок 1
УШКнын төрагасынын жынысы
5
47


"Жалпы иш" коомдук фонду: Бишкек, Ош жана Токмок шаардык кеңештеринин депутаттарын кайталап шайлоодо УШКларды ачуу тартиби жөнүндө.
Байкоо 52 УШКда жүрүп жатат, анын ичинде 31 УШК Бишкекте, 18 УШК Ошто жана үчөө Токмокто.
Участкалык шайлоо комиссиясы АШКдан алган шайлоо бюллетендери саналганбы?
Ооба 48
Жок 4
ДОБУШ БЕРҮҮ ҮЧҮН УЧАСТОК КАЧАН АЧЫЛДЫ?
Саат 8:00 чейин 13
Саат 8:00 39

*Добуш берүү процесси*

Добуш берүү процесси мыйзамдарга ылайык, добуш берүү купуялуулугун бузуу жана АЭУнун жана идентификациялоо боюнча жабдуулардын техникалык жактан бузулуулар менен коштолгон айрым учурлары болуп, тынч өттү.




Биздин байкоочулардан алынган жыйынтыктарга караганда добуш берүү процессине байкоо жүргүзүү учурунда эч бир УШКда шайлоочуларды коркутуу, аларга кысым көрсөтүү же коркутуу учурлары катталган эмес, ошондой эле коомдук байкоочунун укуктары эч жерде тебеленген эмес.

Шайлоо учурунда добуш берүү купуялуулугу 5-УШКда сакталган эмес.

Добуш берүү учурунда байкоочулар 5 жолу шайлоо участогунда мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин, 4 жолу ИИБ кызматкерлери, 4 жолу саясий партиялардын талапкерлери болгонун белгилешти.

38 УШКда күн бою добуш берүү процессинде COVID-19га байланыштуу сунуштар сакталды.

Күн ичинде техникалык бузулуулар болду:

- АЭУнун бузулушу- 8
- АЭУнун жана идентификациялоо үчүн жабдуулардын бузулушу - 3
- идентификациялоо боюнча жабдуулардын бузулушу - 3

Шайлоочуга идентификациядан өтпөй туруп добуш берүүгө уруксат берилген бир дагы учур катталган эмес, ал эми күн ичинде добуш берүү процессинде шайлоочулардын тизмесинде болбогонуна карабай, добуш берүүгө уруксат берилген учур учураган эмес.

3 УШКда добуш берүү үчүн АЭУ техникалык бузулуулардан улам стационардык жащикке алмаштырылган.

51 УШК 20:00дө өз убагында жана бир УШК 20:00гө чейин жабылган.

*Участокторго сырттан байкоо жүргүзүү (мобилдик топтор)*

Алынган маалыматтарга караганда, мобилдик топтор участкалардын айланасындагы кырдаалга байкоо жүргүзүшүп, баа беришип, 53 УШКны камтыды. Байкоо жүргүзүүлөрдүн негизинде тыянактар төмөндөгүдөй:

Бишкектеги төрт узак мөөнөттүү байкоочудан жана Башкы кеңсенин төрт кызматкеринен турган мобилдик топтор 31 УШКны камтыды (№№ 1206, 1113, 1222, 1240, 1157, 1158, 1151, 1208, 1152, 1332, 1330, 1334, 1337, 1322, 1318, 1321, 1351, 1343, 1317, 1003, 1011, 1048, 1354, 1358, 1305, 1239, 1241, 1305, 1317, 1061, 1034).

Аймактык координатор, узак мөөнөттүү үч байкоочу жана бир ыктыярчыдан турган Ош шаарындагы мобилдик топтор 10 УШКны камтыды (№№ 5307, 5309, 5308, 5299, 5304, 5280, 5901, 5306, 5303, 5310).

Токмок шаарында аймактык координатор мобилдик топ катары 12 УШКны камтыды (№№ 7065, 7067, 7068, 7070, 7064, 7071, 7075, 7072, 7074, 7062, 7077, 7063).

Мобилдик топтордун байкоо жүргүзүү маалыматтарына ылайык, төмөнкүдөй учурлар аныкталган:

- Участоктун айланасындагы кырдаал: 47 участок тынч, 6 участок чыңалган.
- 2 участокто АЭУнун иштөөсүнүн кечигишинен улам кезек күтүү.
- УШКнын жанында шайлоочуларды 2 шайлоо участогуна алып келүү байкалган.
- УШКнын жанында 12 участокто чымыр денелүү белгисиз адамдардын жүрүшү байкалган.
- 3 участкада COVID-19 боюнча чараларды сактоого байланыштуу УШКнын жанында шайлоочулардын чоң кезеги бар.

Белгилей кетсек, байкоо жүргүзүү кризистик шарттарда COVID-19 боюнча эпидемиологиялык кырдаал начар болуп жаткан учурда өттү, ошондой болсо да, мобилдик командалардын отчеттору боюнча:

- 37 УШКда күн бою добуш берүү процессинде COVID-19-га байланыштуу сунуштар сакталды, 16 УШКда жарым-жартылай сакталды.
- 36 УШКда күн бою добуш берүү процессинде шайлоочулар COVID-19-га байланыштуу сунуштарды сактап жатышты, 17 УШКда жарым-жартылай сакталды.

Добуш берүү процесси учурунда шайлоочуларды коркутуу, кысым көрсөтүү же коркутуу учурлары байкалган эмес.

Добуш берүүнүн купуялуулугун бузуу учурлары байкалган эмес.

Толтурулган шайлоо бюллетенинин сүрөткө жана видеого тартуу учурлары байкалган эмес.

Добуш берүү кабинасында бирден ашык шайлоочу байкалган эмес.

Добуш берүү процессине байкоо жүргүзүү учурунда коомдук байкоочунун укуктарынын бузулушу 1 участокто болгон.

Добуш берүү күнүндө мыйзамсыз үгүт иштери: № 5310, 5308 участоктору

Добуштарды сатып алуу жөнүндө белгилер: № 1240, 1011 участоктору

Байкоочулардын укуктарын мыйзамсыз чектөө: 1061 участок

14 участокто добуш берүү үчүн адамдар имараттын ичинде болушкан, анын ичинде 13 участокто ИИБнын өкүлдөрү, 1 участокто - белгисиз адамдар, мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер.

АЭУ бузулуулары 3 участокто болгон

Идентификациялоо үчүн жабдуулардын бузулушу 1 участокто болгон.

Далилдөө кыйынга турган сатып алуунун жашыруун түрлөрү белгиленген. Мисалы, шайлоочулар добуштарын беришкенден кийин жакынкы соода түйүндөрүнө барышып, болжолдуу сыйлык акыларын алышы мүмкүн болгон учур болгон.

*Жабуу жол-жоболору жана добуштарды саноо*

Жабуу жол-жоболору жана добуштарды саноо өз убагында жана мыйзамдарга ылайык, бир гана коомдук байкоочунун укуктарын бузуу менен аяктаган.




УШКларды жабуу учурунда 23 УШКда добуш берүүгө мүмкүнчүлүк берилген шайлоочулар болгон. Калган 29 УШКда кезек күтүүлөр болгон эмес.

Бардык 52 УШКда, шайлоо участогу жабылгандан кийин дароо саноо иштери башталган, ал эми 52 УШКнын бардыгында колдонулбаган бюллетендер кайра саналып, мыйзамга ылайык жараксыз кылынган.


Тизме менен иштөө 50 УШКда жүргүзүлгөөн (ар бир баракка кыскача маалыматтарды киргизүү, жалпы шайлоочулардын тизмеси боюнча акыркы маалыматтарды киргизүү, төраганын колтамгасы жана УШКнын мөөрү менен тизмени күбөлөндүрүү).

Мыйзамга ылайык жылдырылма үкөктөрдүн ачылышы жана кол менен саноо 52 УШКнын баарында өттү.

52 байкоочунун баары тең кол менен саноонун протоколунун күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүн ала алышты.

COVID-19га байланыштуу сунуштар 49 УШКда УШК жабылганда байкалган, калган 3 УШКда байкалган эмес.

УШКлардын биринде жабуу жана саноо жол-жоболоруна байкоо жүргүзүүдө коомдук байкоочунун укуктары бузулган.




## 10. БУЗУУЛАР ЖАНА ДАТТАНУУЛАР

Жергиликтүү жана эл аралык масштабдагы бир катар мурунку миссиялардан айырмаланып, шайлоо участкаларындагы мыйзам бузуулардын болушу ыктымалдыгын дээрлик азайткан, түзүлгөн шарттарды эске алуу менен шайлоо алдындагы мезгилде шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүү эрежелерин бузуу, добуштарды сатып алуу, административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануу, шайлоочуларды коркутуу жана кысым көрсөтүү ыктымалдуу фактыларына байкоо жүргүзүүгө басым жасалып, Фонд тарабынан Кыргыз Республикасынын Бишкек, Ош жана Токмок шаардык кеңештеринин депутаттарын кайрадан шайлоонун мониторинг жүргүзүүнү ишке ашыруу чечими кабыл алынган.

*Шайлоо алдындагы мезгил*

Кыргыз Республикасынын Бишкек, Ош жана Токмок шаардык кеңештеринин депутаттарын кайрадан шайлоого байкоо жүргүзүү мезгилинде (2021 -жылдын 18 -июнунан 9 -июлуна чейин) шайлоо мыйзамдарынын бузулушу жөнүндө 83 белги келип түшкөн, анын ичинен:

- шайлоо алдындагы үгүттөө эрежелеринин бузулушу жөнүндө 65 белги

- добуштарды сатып алуу боюнча 11 белги
- административдик ресурсту колдонуу, шайлоочуларды коркутуу жана аларга кысым көрсөтүү боюнча 5 белги
- талапкерди каттоо жол -жоболорун бузгандыгы боюнча 1
- УШКнын курамын түзүү боюнча 1.






**Жергиликтүү жана эл аралык масштабдагы бир катар байкоо жүргүзүү миссияларынан айырмаланып, шайлоо участкаларында мыйзам бузууларды азайтууга түзүлгөн шарттарды эске алуу менен, Фонд Бишкек, Ош жана Токмок шаарларынын депутаттарынын кайталап шайлоосунда байкоо жүргүзүүнү чечкен, анын ичинен шайлоо алдындагы үгүт мезгилине өзгөчө көңүл буруу менен жүргүзүп жатат, анткени дал ушул шайлоо алдындагы мезгилде үгүт эрежелерин бузуу, добуш сатып алуу, административдик ресурстарды кыянаттык менен колдонуу, шайлоочуларга карата коркутуу жана кысым көрсөтүү фактылары байкалууда.**

Ош шаары боюнча АШКга шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүү эрежелеринин бузулгандыгы жөнүндө 65 белгидын ичинен 52 арыз менен кайрылган.
52 белги боюнча арыздар АШКга жана маалыматты бузуулар жөнүндө 2 белги боюнча түзүлгөн ОРКТ БШКга өткөрүлүп берилген.
Келип түшкөн билдирүүлөрдү шаарлар боюнча топторго бөлүштүрүү төмөндөгүдөй:
Ош шаары - 52. Бузуулардын түрлөрү боюнча: шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүү эрежелерин бузуу боюнча 47 билдирүү, добуштарды сатып алуу жөнүндө 3 белги, талапкерлердин тизмеси боюнча 1 жана УШКнын курамы боюнча 1.
Бишкек шаары - 24. Бузуулардын түрлөрү боюнча: шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүү эрежелерин бузуу боюнча 17 белги, добуштарды сатып алуу боюнча 5 билдирүү, административдик ресурсту колдонуу боюнча 2.
Токмок шаары - 7. Бузуулардын түрлөрү боюнча: шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү эрежелерин бузуу боюнча 1 белги, добушту сатып алуу боюнча 3 билдирүү, административдик ресурсту колдонуу боюнча 3 белги.

*Имараттын сыртында добуш берүү күнү*

"Жалпы иш" коомдук фондунун коомдук байкоочулары тарабынан имараттын сыртында добуш берүү күнү (2021 -жылдын 10 -июлу) 11 мыйзам бузуу катталган.

Бишкек шаарында "Реформа" партиясы тарабынан жымжырт болгон күнү үгүт иштеринде 1 факты аныкталган.

Ош шаарында 10 факты аныкталган. Алардын ичинен: саясий партиялар боюнча - "Ата Журт Кыргызстан" партиясы - 1 факт; бузуулардын түрлөрү боюнча: 1 мыйзам бузуу -

жымжырттык күнү үгүт иштерин жүргүзүү; 3 мыйзам бузуу - шайлоочулардын тизмеси боюнча; 6 мыйзам бузуу – процесстик мүнөздөгү.

*Добуш берүү күнү*

"Жалпы иш" коомдук фондунун коомдук байкоочулары тарабынан добуш берүү күнү (2021 -жылдын 11 -июлу) 36 мыйзам бузуу катталган.

Алардын ичинде 17 Бишкек шаарында; 19 Ош шаарында.

Бишкек шаарында мыйзам бузуулардын түрлөрү боюнча: участокторду ачуу учурунда процесстик бузуулардын 9 фактысы; добуш берүүнүн купуялуулугун бузуу (бюллетендин сүрөт жана видеосун кошкондо) - 5 факт; добуштарды сатып алуу - 2 факт; партиянын өкүлү тарабынан шайлоочулардын тизмесине көз салуу - 1 факт; УШКнын айланасында белгисиз адамдардын топтолушу - 3 факт, ошондой эле саясий партиялар боюнча: "Эмгек" партиясы - 2; "Ата -Журт Кыргызстан" партиясы - 1.

Ош шаарында мыйзам бузуулардын түрлөрү боюнча: участокторду ачуу учурунда процесстик бузуулардын 6 фактысы; партия өкүлүнүн шайлоочулардын тизмесин жана добуш берүү жол -жоболорун көз салуу - 4 факт; УШКда бөтөн кишилердин болушу - 2 факт; добуш берүүнүн купуялуулугун бузуу (анын ичинде толтурулган бюллетенди сүрөткө тартуу - 2 факт; шайлоочуларды ташуу - 2 факт; шайлоо күнү үгүт иштери - 2 факт; добуштарды сатып алуу - 1 факт, ал эми саясий партиялар боюнча: «Ата-Журт Кыргызстан» партиясы - 5; «Биздин Кыргызстан» партиясы - 3.

*Байкоо жүргүзүү мезгили ичинде жалпы*

➔ Байкоо жүргүзүүнүн бардык мезгилинде (2021 -жылдын 18 -июнунан 12 -июлуна чейин) «Жалпы иш» коомдук фондунун коомдук байкоочулары тарабынан **шайлоо мыйзамдарынын ченемдерин бузуулардын 130 фактысын аныкталган.**

➔ **87 кайрылуу** (арыздар жана даттануулар) берилген: Борбордук шайлоо комиссиясына - 2 кайрылуу; аймактык шайлоо комиссияларына: Бишкек шаары боюнча - 4 арыз; Ош шаары боюнча - 81 кайрылуу.

➔ ЫЧКТга **13 белги** жөнөтүлгөн, анын ичинен: шайлоо алдындагы мезгилде 4 белги; имараттын сыртында добуш берүү күнү (2021 -жылдын 10 -июлу) – 1 белги; добуш берүү күнү (2021 -жылдын 11 -июлу) - 7 белги.

## 11. КАЙТАЛАП ШАЙЛООНУ ЖЫЙЫНТЫКТОО

Бардык АШКларда жыйынтыктарды чыгаруу процесси мөөнөттөрдү сактоо менен өттү. Байкоо жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча Бишкек жана Ош шаарларында жыйынтыктоо бардык даттануулар менен арыздар каралгандан кийин мыйзамдарга ылайык өттү. Бирок, Токмок шаарында АШК тарабынан арыздардын каралуу процесси кабыл алынган чечимдердин мыйзамдуулугу жагынан суроолорду жаратат, алардын айрымдары БШК тарабынан жокко чыгарылган, бул өз кезегинде Токмок АШКнын тарашына алып келген.

Үч шаарда: Бишкекте, Ошто жана Токмокто жергиликтүү шаардык кеңештерге шайлоо өттү деп табылды.

Шайлоочулардын активдүүлүгү төмөндөгүдөй болгон: Токмок шаарында шайлоочулар өтө көп келишкен- 44,55%, бул апрель айындагы шайлоого караганда 3% жогору, Ошто дагы шайлоочулар салыштырмалуу көп келишкен - 42,87%, бирок өткөндөгү шайлоого караганда бир аз азыраак - 3,4%, бирок, ошол эле учурда Бишкекте шайлоочулардын катышуусу эң төмөн болгон - 24,41%, апрель айында Бишкекте шайлоочулардын катышуусу 31,8% түзгөн, бул көрсөткүч шайлоочулардын катышуусунун 7,4% азайганын көрсөтөт.

Кайталап шайлоодо 7% тоскоолдуктарды жеңип чыгып, Бишкек шаардык кеңешке катталган 18 партиядан 6 өтүп, мандаттарын төмөнкүдөй бөлүштүрүштү:

- «Эмгек» - 18,25% (11 мандат);
- «Ата-Журт Кыргызстан» - 14,26% (9 мандат);
- «Ишеним» - 12,56% (8 мандат);
- «Ынтымак» - 10,82% (7 мандат);
- «Өнүгүү-Прогресс» - 8,16% (5 мандат);
- «Социал-демократтар» - 8,09% (5 мандат).

Добуш берүүнүн жыйынтыктары жана шайлоонун жыйынтыктары боюнча Ош АШКнын протоколдоруна ылайык, 7 же андан ашык пайыз добуш алган 4 саясий партиянын талапкерлеринин тизмеси:

- «Ата-Журт Кыргызстан» - 38,91% (19 мандат);
- «Биздин Кыргызстан»- 32,41% (15 мандат);
- «Народная партия Улуттар Биримдиги» - 15,51% (7 мандат),
- «Бир Бол» - 7,85% (4 мандат).

Кайталап шайлоодо катталышкан 7 партиянын ичинен 5 партия Токмок шаардык кеңешке өтүп, мандаттарды төмөнкүдөй бөлүштүрүшкөн:

- «Бирге-Вместе» - 28,28% (9 мандат);
- «Эмгек» - 24,83% (8 мандат);
- «Асыл Мурас-Жаштар» - 16,67% (5 мандат);
- «Патриот Ынтымагы» - 13,70% (5 мандат);
- «Эл Биримдиги» - 12,14% (4 мандат).

«Ата-Журт-Кыргызстан» партиясы Бишкек жана Ош шаарларынын шаардык кеңештерге өттү, ал жерден ушуга ылайык тогуз жана он тогуз мандатка ээ болду. Жыйынтыгында «Ата Журт Кыргызстан» партиясы жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоодо 28 шаардык кеңештин 14үнөн мандат алды.

Калган партиялар жергиликтүү кеңештердин депутаттарын кайталап шайлоодо үч шаардын биринде гана мандат алышкан.

«Өнүгүү - Прогресс» партиясы 15 шаардык кеңеште 65 мандатка ээ, бир шаардык кеңешке орточо 4,3 мандат.

«Ынтымак» партиясы 10 шаардык кеңеште 69 мандат алды, ар бир шаардык кеңеште дээрлик 7 мандатка ээ болду.

## 12. СУНУШТАР

Шаардык кеңештердин депуттарын шайлоого байкоо жүргүзүүнүн натыйжасы боюнча «Жалпы иш» коомдук фонду төмөндөгүдөй сунуштарды киргизет:

**1. Шайлоо укук мамилелерин жөнгө салган ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине:**

1) Жергиликтүү шаардык кеңештерге депутаттардын шайлоосун өткөрүүдө шайлоо босогосунун өлчөмүн кайра карап чыгуу жана КРдин ЖК депутаттарынын шайлоосундагыдай кылып белгилөө.
2) Бир эле убакта шайлоо участкасында болгон коомдук байкоочулардын саны тууралуу талапты кайра карап чыгуу.
3) Коомдук байкоочуларга шайлоо комиссиясынын, анын ичинде добуш берүү жыйынтыктарын белгилөө жана шайлоо натыйжаларын аныктоо тууралуу чечимдерге жана (же) аракеттерге же аракетсиздикке карата даттануу ыйгарым укугун берүү.
4) Шайлоо талаштарын кароого укуктуу субъекттерден келип түшкөн арыздарды (кайрылууларды, даттанууларды ж. у. с.) кароо мөөнөттөрүн карманбагандыгы үчүн жоопкерчилик орнотуу.
5) Ачык коомдук айыптоо иштеринде административдик ресурстан кыянаттык менен колдонуулар тууралуу кылмыштарга кирген кылмыш мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү киргизүү.
6) Шайлоо фонддорунун көбүрөөк айкындуулугун камсыздоо максатында мыйзамда акча каражаттарын салуучуларынын алар шайлоо фонддоруна мыйзам тарабынан белгиленген суммадан ашкан мүчөлүк акы салган учурунда ал акча каражаттарынын булактарын ачуу тууралуу талапты орнотуу.
7) Мыйзам чыгарууда шайлоо жыйынтыктары жараксыз деп таанылган учурунда шайлоо күрөөсүн кайтарууга жол берген мыйзам ченемин кароо.
8) Мыйзамда анын күнөөсү менен шайлоо жыйынтыктары жараксыз деп таанылган партияларды четтетүү (дисквалификация кылуу) тууралуу ченемди кароо.
9) Шайлоо жөнүндө Мыйзамга шайлоочунун добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүү керектиги тууралуу арыз менен кайрылуусу үчүн негиздеринин так тизмесин караган ченемдерди киргизүү.
10) Шайлоо мыйзам ченемдерине автоматтык эсептөөчү үкөктөрдүн техникалык жактан убактылуу иштебей калышын жана алардын ката кетиришин жөнгө салган түшүнүктөрдү киргизүү.

**2. Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине:**

1) Укук коргоочу органдардын келип түшкөн арыздар жана кайрылууларды кароо боюнча, ошондой эле коомдук коопсуздукту камсыздоо, мунун катарында алдын ала эскертүүчү чаралар боюнча иштерди күчөтүү.

2) Кыргыз Республикасынын жарандарын шайлоо өткөрүү күнү гана эмес, шайлоо аралык мезгилде да шайлоо укугунун ченемдери жана жол-жоболору тууралуу маалымдоо иштерин БШК менен биргеликте жүргүзүү.
3) Комиссия мүчөлөрүнө төлөнүп берилчү сый акыларды жогорулатуу максатында жана мындан улам алардын аларга жүктөлгөн милдеттерин өзгөчө кырдаалда натыйжалуу аткаруусу үчүн участкалык шайлоо комиссияларынын жана аймактык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү үчүн эмгек төлөм фондун, социалдык кепилдиктерди жана жеңилдиктерди берүүсүн оптималдаштыруу мүмкүнчүлүгүн БШК менен биргеликте кароо.
4) БШК жана башка ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен биргеликте шайлоочулардын тизмесин сапаттуу түзүү жана шайлоочуларды үзгүлтүксүз учетко алуу жана каттоо боюнча чараларды көрүү, ошондой эле шайлоочулар тизмесин манипуляциялоо мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарган механизмдерди жана манипуляциялоонун орун алышы үчүн жоопкерчиликти карап чыгуу.

**3. Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына:**

1) Аймактык жана участкалык шайлоо комиссиялары менен шайлоо мыйзамдарын бузууларын караштырууда ачык, айкындуу жана калыс жооп кайтаруу маселелери боюнча иштерин күчөтүү.
2) Шайлоо мыйзамдарын бузуунун тиги же башка түрлөрү үчүн жоопко тартуунун бирдиктүү практикасын иштеп чыгуу.
3) Шайлоо комиссиялары тарабынан шайлоо күнү шайлоочулардын келиши тууралуу маалыматты каттоосунун жана берүсүүнүн бирдиктүү тартибин иштеп чыгуу.

**4. Шайлоо талаштарын кароо боюнча органдарга:**

1) Ички иштер органдары кабыл алынган чечимдеринин жүйөлүү негиздерин берүүсү менен шайлоо мыйзамдарында каралган келип түшкөн арыздарды ( кайрылууларды) караштыруу мөөнөттөрүн милдеттүү түрдө сактоо жана кабыл алынган чечимдер тууралуу коомчулукту кабарлоо.
2) Прокуратура органдарына ички иштер органдары тарабынан шайлоо талаштары боюнча арыздарды жана кайрылууларды кароо мөөнөттөрүн сактоосуна көзөмөл жүргүзүү.

**5. Кыргыз Республикасынын саясий партияларына жана талапкерлерине:**

1) Мыйзам үстөмдүгү, ачыктык, жарандардын кызыкчылыктарынын жана укуктарынын артыкчылыгы, жана ошондой эле саясий партиялары жана талапкерлер ортосундагы сый-урмат, саясий партиялар ортосунда кол коюлган Меморандумдарды милдетүү түрдө сактоо принцибинде шайлоо кампаниясын жүргүзүү.

2) «Жалпы иш» фонду саясий партияларды шайлоо баш алгандан мандат алууга чейин тартиптүү болууга чакырат, мунун катарында партияга орнотулган квота боюнча кирген талапкерлерди сактап, шайлоо күнүнөн кийин саясий партиялардын

талапкерлеринин тизмесинде катталган талапкерлердин иретин өзгөртпөөгө чакырат.

3) Финансылык фонддордун, анын ичинде социалдык тармактардагы жарнамага кеткен чыгымдардын көбүрөөк ачыктыгын камсыздап, ошондой эле жүгүрткөн жарнаманы саясий деп каржылоо булагын көрсөтүүсү менен белгилөө. Көрсөтүлгөн чаралар жарнаманын Facebook платформасында жарнама постунун баштапкы маалыматы (дисклеймери) жок деген себеп менен токтотулушун же өчүрүлүшүн алдын алууга жол берет.